Кыргыз Республикасы
Жалал- Абад облусу Ноокен району
Масы айыл өкмөтү

№2 Саадат Ногоева атындагы орто мектеби

**Билим берүү тармагын өнүктүрүүнүн орчундуу маселелерин жана билим берүү кызматкерлеринин социалдык проблемаларын чечүү максатында 2019-2022- жылдар үчүн түзүлгөн**

# Үч тараптуу келишим.

Масы айылы 2019 ж

**Масы айыл округу, № 2 С.Ногоева орто мектептин администрациясы жана профсоюздук комитети ортосундагы 2019__-2022-жылдарга макулдашуу**

## I. Жалпы жоболор

Бул макулдашуу айыл округу, мектептин иш берүүчүсү, иштегендери жана профсоюз комитети ортосундагы укуктук, эмгектик, социалдык жана экономикалык мамилелерди жөнгө салат. Мындан тышкары, администрация, айыл округу жана профсоюз комитети мектептин юридикалык тарап статусун алышын, мектептин бардык окуучулары үчүн билим берүү кызматынын бирдей жеткиликтүүлүгүн, ар бир жаңга каржылоодо мамлекеттик каржы каражаттарын үнөмдүү пайдаланууну камсыз кылууга милдеттенишет.

## II. Тараптардын кызматташтыгынын негизги багыттары

1. Кредиттерди бөлүштүрүүчү катары мектептин директору таанылат.
айыл өкмөтү
2. Календардык жыл үчүн чыгымдардын сметасын түзүүдө мектепке өз алдынчалыкты берүү.
айыл өкмөтү,
директор
3. Мектепте өз алдынча эсепкананы түзүүгө көмөк көрсөтүү.
айыл өкмөтү,
директор
4. Ар жыл сайын балдардын май жана август айларындагы эсебин алуу.

директор
профком
5. Мектепке алыскы жана аз сандуу жерлерден окуучуларды ташып келүүнү уюштуруу.
айыл өкмөтү,
директор
6. Жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен көп балалуу жана аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн окуучуларына даректүү жардамдарды берүүнү киргизүү.
айыл өкмөтү
7. Мектептин бош жайларын аларга мектепке чейинки же мектептен тышкаркы балдар мекемелерин жайгаштыруу үчүн берүү.
айыл өкмөтү,
директор
8. КР Эмгек кодексинин 185-190-беренелерине ылайык квалификацияларын жогорулатуу курстарына жиберилген мугалимдердин иш сапар чыгымдарын жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен төлөп берүү.
айыл өкмөтү,
директор
9. Мектептин жаш адистеринен турак жайга өтө муктаждарына жергиликтүү бюджеттин эсебинен ижара акысын төлөөгө жетишүү.
айыл өкмөтү,
директор
10. Айылдагы ээсиз калган жайды ремонттон өткөрүп, жаш адистерге турак жай катары берүү үчүн зарыл шарттарды түзүп берүү.
айыл өкмөтү,
директор,
профком
11. Мектептин жаш адистерине чарбалык муктаждыктарын чечип алууга жергиликтүү бюджеттин эсебинен төлөө жүргүзүүгө каражат табуу.
айыл өкмөтү,

директор

12. КР өкмөтүнүн 2006-жылдын 19-декабрындагы № 863 «өзгөчө шарттарда колдонулуучу эмгекке төлөө жөнүндө» токтомуна ылайык эмгектин өзгөчө шарттары (зыяндуу шарттарда) бар иштердин тизмесин түзүү.

профком

13. Комиссия түзүү жана өзгөчө эмгек шарттары бар иштердин мектептеги тизмесине ылайык аныкталган зыяндуу эмгек шарттары бар жумушчу орундарын ар жыл сайын аттестациялоодон өткөрүү, ал кызматкерлердин эмгек акыларына кошумча төлөөлөрдү аныктоо.

директор

профком

14. Жогорку окуу жайына өз алдынча (багыттамасыз) өткөн кызматкерлерге эгер алар педагогикалык адистикти биринчи жолу алып жатышкан болсо, окуу өргүүлөрүн төлөө.

директор

15. Мектептен алыс жашашкан мугалимдердин жол жүрүү акыларын төлөө.

айыл өкмөтү

16. КР Эмгек кодексинин 169-беренесине ылайык кызматкерлердин түн мезгилиндеги иштери үчүн эмгек акыларына кошумча төлөөлөрдү жүргүзүү.

айыл өкмөтү,

директор

17. «Мугалимдин статусу жөнүндө» КР мыйзамына ылайык мектептин педагогдоруна коммуналдык чыгымдарды төлөө.

айыл өкмөтү,

профком

18. Кызматкерди кызматка алып жатканда аныкталбаган мөөнөткө түзүлгөн эмгек келишими кызматкердин макулдугусуз аныкталган мөөнөткө кайрадан түзүлбөшү керек, анын ичинде жашы боюнча эс алууга чыгып иштеп жаткан ардагерлерге.

директор

19. Жаңыдан жумушка алынган кызматкерлерге 5 күндүн ичинде эмгек китепчесин толтуруу.

директор

20. КР Эмгек кодексинин 71-беренесине ылайык мектептин кызматкерлерин бир айдан кем эмес мөөнөттө алардын эмгек акыларынын, иш режиминин, эмгек шарттарынын өзгөрүшү тууралуу эскертүү.

директор

21. Мугалимдин узакка созулган оорусунан же анын узакка созулган эмгек акы төлөнбөгөн өргүүсүнөн башка учурларда окуу жылынын учурунда мектеп жетекчилигинин демилгеси боюнча окуу жылынын башталышында мугалимге коюлган окуу жүктөмүн азайтпоо.

Директор

22. Мугалимдерден башка кызматкерлердин (китепканачы, катчы-машинистка, лаборант, эсепчи, тазалагычтар, кароолчу) жумушчу күн эмес майрам күндөрдүн алдына туш келген жумушчу күнүнүн узактыгы 1 саатка азайтылат.

директор

23. Окуу жылынын ичинде кынтыксыз эмгектенген кызматкерлерге каржылык мүмкүнчүлүктөрдүн эсебинен кошумча төлөнүүчү өргүүлөрдү берүү.

директор,

профком

24. Кызматкерге жазган арызынын негизинде (үй-бүлөлүк шартына жана башка себептерге байланыштуу) бир айдан ашык эмес эмгек акы төлөнбөгөн өргүү берүү.

директор

25. Окуу жылынын ичинде педагогикалык жамаатты алардын иштеринен башка иштерге тартпоо.

айыл өкмөтү,

директор

26. Мугалимдердин эмгек акыларынан КР мыйзамдуулуктарында каралбаган каралбаган кармоолорду алардын кагаз жүзүндөгү макулдуктарысыз жүргүзбөө(«Мугалимдин статусу жөнүндө» КР мыйзамынын 7-беренеси).

директор,
профком
27. ЖОЖ сырттан окуу бөлүмүнө тапшырууну жана педагогикалык билим алууну каалаган кызматкерлерге жолдомо даярдоо.
директор
28. Кызматкер иш берүүчүнүн жолдомосу боюнча ЖОЖ окуп жаткан болсо, анын окуу өргүүсүн төлөп берүү.
директор
29. Жергиликтүү бюджеттин эсебинен мектептин 2 (3 же 4) жаш адистерин окутууну төлөп берүү.
айыл өкмөтү,
директор
30. Ар жыл сайын жаңы окуу жылынын башталышында ар кыл кесиптеги дарыгерлерди (невропатолог, гинеколог ж.б.) чакыруу менен мугалимдерди терең медициналык текшерүүдөн өткөрүүнү уюштуруу.
айыл өкмөтү,
директор
31. Кырсыкка кабылуунун ар бир учурунда «Эмгекти коргоо жөнүндө» КР мыйзамына ылайык аны кесипкөй иликтөө жүргүзүү максатында жогоруда турган профсоюз комитетине маалымдоо, мындай учурда кырсыкка кабылган адамга мыйзамда каралган жөлөкпулду төлөөнү көзөмөлгө алуу.
администрация
профком
32. Окуу жылында бир жолудан кем эмес мектептин кызматкерлерине эмгек акылардын, алардын кошумча төлөөлөрүнүн жана үстөктөрүнүн чектелишинин , ооругандыгы тууралуу баракчалардын туура толтурулушунун, оорусу жана төрөтү жана боюнда барлыгы боюнча жөлөкпулдарды төлөөнүн тууралыгын көзөмөлдөө.
профком
33. Окуучулардын олимпиадаларга, спорттук мелдештерге баруулары үчүн унаа чыгымдарын төлөө же унаа бөлүп берүү.
айыл өкмөтү
34. Окуучуларга окуу китептеринин ар бири үчүн 1-деңгээлде 139 сом, 2-деңгээлде 229 сом жана 3-деңгээлде 374 сом өлчөмүндө алардын пайдалануу мөөнөтү 5 жыл экендигин эске алуу менен чыгымдардын айрым бөлүктөрүн төлөөнү колго алуу.
айыл өкмөтү,
директор
35. Ички эмгек тартибинин жана ирээтинин эрежелерин иштеп чыгуу.
директор
профком

36. Эмгектик кырсыкка учуроонун (травма, күйүк, суукка алдыруу ж.б.) натыйжасында убактылуу эмгекке жарамсыздыкка кабылган кызматкерлерге өндүрүштө кокусунан кырсыкка кабылгандыгы тууралуу актысы – «өндүрүштөгү кокусунан болгон кырсыктарды иликтөө жана эсепке алуу жөнүндө жобону бекитүү жөнүндө» КР өкмөтүнүн 2001-жылдын 27-февралындагы № 64 токтому менен бекитилген Н-1 формасы түзүлгөн шартта жөлөкпулду төлөө.
директор,
айыл өкмөтү
профком
37. Жергиликтүү бюджеттин эсебинен кызматкерлердин ден соолуктарын жана курчап турган чөйрөнү коргоого, мектепте эмгектин коопсуз абалын түзүүгө каражаттарды кароо.
директор,
айыл өкмөтү
38. Жаңы каржылоо жылына жергиликтүү бюджетти түзүүдө сметада мектептин (мектепке чейинки балдар уюмдарынын) кызматкерлерин жана алардын үй-бүлөсүн эс алдырууга каражат караштыруу.

39.Жергиликтуу бюджеттен мугалимдердин жана окуучулардын маданий-массалык иш чараларын жана спорттук мелдештерин откорууго, жайкы каникул учурунда эс алууларын уюштурууга каражат болуу, бул иш чараларга эмгек акы фондунун 0,15% дан кем эмесин караштыруу.

айыл окмоту
директор
профком

40.Окуу жылынын жарым жылдыгында бир жолу мектеп жамаатынареспубликанын билим беруу системасында кабыл алынган ченемдик-укуктук иш кагаздары тууралуу баяндама беруу

профком

41.Эмгек акы толоонун кызыктыруучу фондунда мектептин профсоюз комитетинин жетекчисине коомдук иштерин аткаргандыгы учун толоолорду жургузууну киргизуу

директор.

Келишим тузгон тараптар социалдык онугууго камкордук кылышат жана келишимдин аткарылышына козомол жургузушот. Келишим кол коюлган кундон тартып кучко кирет жана 2019-2022 жылдар ичинде оз кучундо болот.

| Масы айыл окмотунун башчысы | Мектеп директору | КУнун торайымы |
| --- | --- | --- |
| Ж.Эшенкулов | М.М.Калмаматова | К.Ж.Сейиткулова |

Макулдашуу 20 19 -жылдын 15 сентябрь Ноокен районунун №2 С.Ногоева атындагы орто мектеби жайгашкан Масы айыл округунда катталды, каттоо № 11